КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 10.19.594 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК 81-25: 81 362 (575,2) (043,3)

Тургунбаева Сеил Жеңишбековна

ТЕКСТТЕГИ СИНТАКСИСТИК ПАРАЛЛЕЛИЗМ

10.02.19 – тилдин теориясы

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2019

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: **Зулпукаров Капар Зулпукарович** - филология илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин Лингвистикалык изилдөөлөр борборунун директору, профессор

Расмий оппоненттер: филология илимдеринин доктору, профессор

Жетектөөчү мекеме:

Диссертациялык иш 20__-жылдын _____ саат ____ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10. 19. 594 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Бишкек ш., Раззаков, көчөсү, 51А, 27. http: www. arabaev.kg

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., Раззаков, көчөсү, 51А) жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин (720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов проспектиси, 27) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 20__-жылдын _____ жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент Каратаева С. К.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Синтаксис – тилдин түзүлүшүндө өзгөчө маанилүү орду бар деңгээл. Сүйлөм анын өзөгүн түзгөн категория болуп саналат. Сүйлөмдө гана бүтүн ой, толук пикир, айкын маалымат берилет.

Сүйлөмдөр ойтутум “торчолорунда” жана тил түзүмүндө ири блокторду түзүп, пикир алмашуучулардын аң-сезиминде бирдей же жакын ассоциацияларды пайда кылуу менен алардын өз ара түшүнүүсүн камсыз кылат. Анткени сүйлөөчү менен жазуучунун оюн уюштурган тутумдаш предикаттар угуучу менен окуучунун аң-сезиминде кабыл алынып, чагылдырылып жана семантизацияланып гана маалымат алмашуунун негизи болуп саналат. Паремиялык синтаксисте этностук ойтутумда жаралган кылымдар бою колдонулуп иштелип келген, туруктуу мүнөзгө ээ болгон, жагдайга карата варианттташуучу жана трансформацияланууучу когнитивдик-тилдик түрмөктөр калыптанган. Бул түрмөктөр жалпы адамзаттык, континенталдык-регионалдык, тектештик жана жекече этностук түрдө болушу белгилүү. Бир тилдеги эле когнитивдик-номинативдик же когнитивдик-предикативдик бирдиктер өз ара түркүн катышта болуп, бардык тилдерге, тил топторуна жана ошол жекече тилге мүнөздүү сапаттарды камтый алат.

Синтаксистик түрмөктөрдө этностун коммуникативдик стереотиптери, типтүү формулалары, билим тажрыйбасын сактаган жана билдирген кептик блоктору, провербиалдык каражаттары (идиомалар, паремиялар, учкул сөздөр, этникалык клишелер ж.б.), кайталоого негизделген тизмектер (алкоолор, жалбаруулар, келмелер, сүрөөлөр, тажатмалар, каргыштар, плеоназмдар ж.б.), туруктуу мүнөзгө ээ болгон кептик моделдер жана “рамалар”, фонетикалык (тыбыштык, муундук, просодикалык), морфемалык, морфологиялык, лексикалык (фразеология менен кошо), сөз айкаштык, сүйлөмдүк, строфалык жана текстгик параллелдүүлүктөр жана изоморфтук катыштар кенен жана ар тараптан камтылат, булардын коммуникативдик, кумулятивдик, номинативдик-предикативдик, когнитивдик-менталдык, экспрессивдик-эмоционалдык ж.б. маани-маңызы синтаксисте толук ачылат. Ошондуктан да синтаксис тилдин өзөккү алкагы катары каралып келет.

Анын үстүнө синтаксисте гана тилдин бардык алкактары координацияланып, бирин-бири коштоп жана толуктап, биримдикте, биргеликте маалымат алмашууга, маалымат берүүгө жана алууга кызмат кылат.

Демек, синтаксис – көп аспектилүү татаал түзүлүштөгү, көп өңүттүү, пикир алмашуу үчүн эң зарыл, түрдүү көз карашта иликтене турган тилдик деңгээл. Ал эми биздин салттуу синтаксисте анын айрым гана тараптары каралып жүргөндүгү маалым. Анын башкы категориясы болгон сүйлөмдү изилдөө негизинен “жөнөкөй-татаал”, “жай-жай эмес (илептүү, суроолуу)”, “толук-кемтик”, “пикир билдирүүчү-пикир билдирбөөчү”, “оң-терс (тануучу)”, “бир составдуу-эки составдуу”, “байламталуу-байламтасыз

татаал”, “багынычтуу-багынычсыз (тең байланыштагы) татаал” ж.б. дихотомиялык көрсөткүчтөр аркылуу сыпатталып, ички мазмуну сүйлөм мүчөлөрү, сөз айкаштары, сөздөрдүн өз ара байланыштары сыяктуу түшүнүктөр аркылуу даана жана жалпыланып мүнөздөлүп жүрөт. Ушунун өзү эле сүйлөм түзүлүшүнүн лингвистика үчүн зарыл айрым тараптарынын каралбай жаткандыгын айгинелейт. Айрыкча синтаксис менен логиканын, когнициянын, менталитеттин байланыштары изилдене элек. Этностордун ойлоосуна мүнөздүү жалпы түзүмдөрдүн, туруктуу формулалардын, параллелдүү моделдердин кыргыз лингвистикасында изилденбей келиши да биз үчүн тема тандоого өбөлгө болду.

Ошентип тандалган теманын актуалдуулугун, тил илими үчүн зарылдыгын:

1) синтаксистик-логикалык жана когнитивдик пропозициянын кыргыз синтаксисинде ар тараптан толук иликтенбегендиги, анын менталдык-грамматикалык моделдештирүүгө болгон катышынын каралбагандыгы;

2) синтаксистик параллелдүүлүктүн сүйлөм ичиндеги, сүйлөм аралык, текст аралык түрлөрүнүн жана касиеттеринин аныкталбагандыгы;

3) сүйлөмдөгү когнитивдик-логикалык бирдейлик менен жакындыктын тил ичиндеги, тилдер аралык бөтөнчөлүктөрүнүн атайын изилденбегендиги;

4) этнос аралык түзүмү-мааниси боюнча бирдей, окшош же жандаш пикирлердин провербиалдык каражаттарда берилишинин ар тараптан талданбагандыгы;

5) кайталоо фигурасынын синтаксистик паралелдүүлүктү түзүүчү зарыл лингвостилистикалык каражат экендигинин лингвокогнитивдик өңүттө атайын сыпатталбагандыгы түзөт.

Иштин илимий изилдөө программалар жана проекттер менен байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы ОшМУнун кыргыз тил илими кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн объектиси – когнитивдик-синтаксистик параллелизм кубулушу.

Изилдөөнүн предмети - мындай параллелдүүлүктүн бир тилдик, тил аралык моделдери, типтери жана менталдык-логикалык мазмуну.

Изилдөөнүн **максаты** катары тил аралык синтаксистик параллелизмдин менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин лингвокогнитологиянын негизинде аныктоо тандалып алынды.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

1) синтаксистик параллелизмдин толук аныктамасын иштеп чыгуу;

2) бул когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигуранын негизги касиеттерин белгилөө, түрлөрүн жиктеп ажыратуу жана алардын байланыштарынын жандаштыгын сыпаттап чыгуу; сүйлөм

мүчөлөрүнүн, сөз айкаштарынын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүктүн маани-маңызын белгилөө;

3) провербиалдык каражаттардын негизинде тил ичиндеги жана тил аралык когнитивдик синтаксистик параллелдүүлүктүн айрым түрлөрүн мүнөздөп берүү;

4) поэтикалык текстте сап, строфа аралык бирдейликтин жана окшоштуктун жаралуу максатын, жолдорун жана маани-маңызын аныктап көрсөтүү; паремия аралык параллелизмдин логикалык, коммуникативдик, когнитивдик, тилдик негиздерин айкындоо;

5) паремияларды сыпаттоодо константа, архетип, прототип, инвариант, пропозиция (когнитема) ж.б. түшүнүктөрдү пайдаланып, алардын маани-маңызын ачып берүү; кээ бир паремиялардын фреймдик-сценарийдик мазмунун талдоо;

6) ойлоо механизмдериндеги жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун семантикалык-конструктивдик каражаттарда берилишин ачыктоо;

7) кайталоону, рифманы, ритмиканы – параллелдүүлүктү уюштуруучу зарыл каражаттар катары мүнөздөп чыгуу.

Иштеги алынган теориялык **жаңы натыйжаларга** 1) синтаксистик параллелдүүлүктүн толук аныктамасынын берилиши, тилдик каражаттардын (тыбыштардын, муундардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөм мүчөлөрүнүн, сүйлөмдөрдүн, строфалардын ж.б.) параллелдүүлүгүн ойтутумдагы жана ой жүгүртүүдөгү логикалык-когнитивдик параллелдүүлүктүн репрезентативдери же экспоненттери катары аныкталышы; 2) бир тилдик жана тил аралык каражаттарда берилүүчү когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктүн маани-маңызынын жана түрлөрүнүн ачыкталышы; 3) түрдүү паремиялык тексттерде этностун параллелдүү ой жүгүртүүлөрүнүн тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланышынын көрсөтүлүшү; 4) фреймдин табышмакта “жашырылып” берилишиндеги параллелдүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн сыпатталышы; 5) жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун менталдык, лингвостилистикалык, экспрессивдик-эмоциялык, образ көркөмдөөчүлүк касиеттеринин толук мүнөздөлүшү; 6) паремиялардагы айрым тил аралык жана этнос аралык менталдык-вербалдык жалпылыктардын аныкталышы кирет.

Изилдөөдө логикалык-синтаксистик категорияларды латынча аталышта (субъект, предикат, обьект ж.б.) берүү зарылчылыгы белгиленди жана ишке ашты. Мында когнитивдик лингвистиканын, лингвоконцептологиянын, логикалык лингвистиканын, лингвоэтномаданият таануунун, психолингвистиканын, лингвопаремиологиянын идеялары, жоболору пайдаланды. Ошондуктан анын пайдубалын полипарадигмалык теория түзөт деп айтууга болот.

Иштин практикалык мааниси бар. Анткени параллелизм кубулушу менен анын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тааныш окуучунун же

студенттин кеби ыргактуу, даана жана көркөм болот. Иштеги материалдар практикалык синтаксис, стилистика сабактарында колдонушу мүмкүн.

Коргоого сунушталган жоболор: 1. Тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашат, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болот.

2. Логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, эки, бир нече жана көп кишилердин сөзүндөгү, кебиндеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болот.

3. Менталдык окшоштук тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык каражаттарды пайда кылат. Заттар, кубулуштар, кыймыл-аракеттер, жүрүм-турумдар, окуялар, сапаттар адамзат өкүлдөрү тарабынан негизинен бирдей бааланат, өз ара окшош, тектеш, прототиптүү пикирлерди жаратат. Булар вербалдашып изоморфтуу семантикалык-конструктивдик түргө ээ болот.

4. Параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк, экспрессивдүүлүк функциялары кирет.

5. Анын коммуникативдик, номинативдик-предикативдик жана башка кызматтары өз ара окшошпогон, параллелсиз же жандаш эмес каражаттардан анчейин деле айырмаланбайт. Бирок андагы гомогендүүлүк эч убакта гетерогендүүлүккө карама-каршы коюлбайт, анткени тексттеги бул эки кубулуш бири-бирисиз жашай албайт. Текстте гетерогендүүлүк (ар түрдүүлүк, окшош же бирдей эместик) дайыма үстөмдүк кылат. Когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк, айрыкча поэтикалык тексттерге жана алардын үзүндүлөрүнө мүнөздүү.

6. Когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк улут аралык пикир-пропозицияларда кенен учурайт.

Изденүүчүнүн жекече салымы иштин темасын тандоодо, пландын чегинде материал топтоп, иреттеп, картотекага өткөзүп, чечмелеп, жалпылап чыгышында көрүнүп турат. Эмгектин текстин даярдоо, жыйналган фактыларды топтоштуруу, сыпаттоо, синтездөө, талдоо да автор тарабынан жекече аткарылды. Ишти редакциялоого, макалаларды даярдоого илимий жетекчи катышты.

Иштин апробациясы. Изилдөөнүн материалдары Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин тилдер кафедрасында үч жолу (2015, 2016, 2017ж.ж.) илимий-практикалык конференцияларда доклад түрүндө талкууланган (2016, 2017ж.ж.).

Изилдөө натыйжаларынын колдонушу бир аз чектүү болду. Жыйналган мисалдар кыргыз тили боюнча өткөрүлгөн сабактарда пайдаланылды. Ал эми параллелизмдер, кайталоолор катышкан тексттерди

талдоо, жаттоо, окуучулардын сөз маданиятын, кеп табитин өстүрүүдө колдонулду.

Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы. Иштин мазмунуна байланыштуу 8 илимий макала КР ЖАКы сунуштаган басылмаларда жарык көргөн.

Иштин түзүлүшү. Эмгектин логикасы жана милдеттери иштин түзүлүшүн аныктады. Иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 192 бет.

ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунушталган жоболору жана иштин апробациясы, түзүлүшү тууралуу сөз болот.

Биринчи бап **“Когнитивдик синтаксис менен лингвопаремиологиянын баштапкы идеялары, өбөлгөлөрү жана принциптери”** деп аталат. Бул бапта изилдөөнүн негизги идеяларына жана баштапкы жоболоруна кыскача мүнөздөмө берилет.

Когнитивдик лингвистиканын негизги багыттары, салаалары, категориялары, орчундуу өңүттөрү аныкталып чыккан. Бирок когнитивдик синтаксис алигиче атайын изилдөөлөрдүн толук обьектиси боло албай жатат. Айрым изилдөөлөр (Е.В.Рахилина, Н.А.Семкина, 2000; 2002; Е.В.Иванова, 2006; З.Д.Попова, 2009; Б.Ю.Норман, 2013; А.А.Жусупова, 2017 ж.б.) когнитивдик алкакта айрым синтаксистик маселелерди көтөргөнү менен, биз тандап алган проблематика – элдик билим-тажрыйбанын параллелдүү, туруктуу синтаксистик каражаттарда берилиши бүгүнгө чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүн толук бурбай келет.

Биздин эмгекте этностук тажрыйбанын менталдык пропозициядан сүйлөмдүк түргө өтүү механизмдери каралат.

1.1. Когнитивдик синтаксистин жалпы теориядагы орду. Учурдагы синтаксис – интенсивдүү өнүгүп бара жаткан грамматикалык тармак. Анын нугунда бир нече жаңы багыттар, концептуалдуу өңүттөр жиктелип бара жатат.

Мындай салааларга: *трансформациялык синтаксис* (Н.Хомский, М.Халле, Дж.Кац, Е.В.Падучева ж.б.), *жыш түзүүчүлөр синтаксиси* (Л.Блумфилдт, Р.С.Уэллс, З.С.Харрис, Э.Хауген, Ч.Фриз, В.А.Звегинцев ж.б.), *позициялык синтаксис* (Т.П.Ломтев, Е.В.Клобуков, Т.С.Иванова ж.б.), *коммуникативдик синтаксис* (И.А.Бодуэн де Куртенэ, Е.Д.Поливанов, Н.И.Жинкин, Э.П.Шубин, А.А.Леонтьев, К.Черри, Г.А.Золотова ж.б.), *функционалдык синтаксис* (Р.О.Якобсон, Н.С.Трубецкой, С.О.Карцевский, В.Матезиус, Я.Фирбас, В.Шмидт, Г.Хельбич, В.Г.Гак, Г.А.Золотова, Н.А.Слюсарева ж.б), *логикалык синтаксис* (Л.Г.Якоб, И.И.Давыдов, Ф.И.Буслаев, Б.Рассел, В.З.Панфилов, Е.В.Падучева, Н.Д.Арутюнова ж.б.),

когнитивдик синтаксис (Е.В.Рахилина, З.Д.Попова, Н.В.Юдина, Б.Ю.Норман ж.б.), *семантикалык синтаксис* (В.Г.Адмони, Ю.С.Степанов, К.С.Акопян, О.Н.Селиверстова, Е.В.Падучева, Т.В.Шмелева ж.б.), *синтаксистик прагматика* (Ч.У.Моррис, Ч.С.Пирс, Дж.Остин, Дж.Р.Серл, З.Вендлер, Л.Линский, Н.Д.Арутюнова, В.З.Демьянков ж.б.), *парадигматика-синтагматикалык көз караш* (М.И.Задорожный, К.Зулпукаров), *синтаксистик моделдештирүү* (К.Л.Бюлер, З.С.Харрис, Ч.Хоккет, Ю.Д.Апресян, Чжао Юань-Жень, Е.В.Падучева, И.И.Ревзин, А.В.Гладкий, Т.В.Булыгина, Н.С.Цейлин, С.И.Ибрагимов), *статистикалык синтаксис, тарыхый синтаксис, контрастивдик синтаксис* (А.Жапаров, К.С.Чоңбашев, В.Д.Скирдов ж.б.) *типологиялык синтаксис* ж.б. кирет. Синтаксистик теориялардын бул системасында когнитивдик план зарыл орун ээлей алат.

1.2. Когнитивдик синтаксистин бир модели жөнүндө. Салттуу синтаксис когнитивдик тил илиминин алкагында толук каралбай жүрөт. Биздин билишибизче, Б.Ю.Нормандын “Когнитивный синтаксис русского языка” деген эмгегинен башка синтаксисти когнициялык өңүттө талдаган бир алгылыктуу изилдөө жок. Бул эмгекте синтаксистик моделдер билип-таануунун курамы катары каралат. Сүйлөм моделдери өткөн муундардын тажрыйбасын топтоп, жыйнап, учурдагы муундарга “таңуулайт”. Синтаксистик моделдер лексикалык жактан камсыздалат. Сүйлөмдөрдөгү схема “бош”, өз алдынча, автономдуу болбойт. Андагы “рамалар” сөздөр менен толтурулуп кана маалымат берет.

Когнитивдик менталдык мазмун түрдүү өзгөрүүлөргө багынбайт. Ал туруктуу. Синтаксистик бир өңчөйлүктө менталдык категоризация ишке ашат. Синтаксис маргиналдык элементтер катарында коммуникативдик мааниси тайыз, пикир билгизүүдө зарыл көрүнбөгөн аталыштар каралат.

Ошентип, когнитивдик синтаксис жалпы синтаксистик теориянын бир салаасы катары, аны байытып, толуктап жаткандыгын айта алабыз.

1.3. Когнитивдик синтаксистин базалык категориялары жана багыттары. Когнитивдик синтаксисте концепттердин өз ара жалганып, менталдык-семантикалык ири блокторду жаратуу механизмдери изилденет. Мында когнитивдик категориялар пикир түзүүчүлүк, ой жүгүртүүнү уюштуруучулук кызмат аткарат.

Когнитивдик синтаксистин базалык категориясы катары концепт эсептелинет. Концепттердин өз ара жалганышы – когнитивдик синтаксиске тиешелүү обьект. Синтаксис үчүн концепттердин бир предикаттын чегинде айкашып келип, коммуникативдик баалуу, пикирди билгизиши баалуу. Провербиалдык каражаттарда типтүү, баалуу, таасирлүү, турмушта текшерилген пропозициялар катталат.

1.4. Когнитивдик лингвистиканын негизги салаалары жана аспектилери. Биз лингвокогнитология, когнитивдик лингвистика аталыштарын бирдей эле мааниде колдонобуз. Лингвокогнитологиянын чегинде бир нече багытты жана изилдөө өңүтүн ажыратууга болот. Багыттарга: *маданият таануу багыты* (С.А.Аскольдов, Д.С.Лихачев,

Ю.С.Степанов), *тилдик маданият таануу багыты* (В.И.Карасик, С.Г.Воркачев, Г.Г.Слышкин, Г.В.Токарев, З.К.Дербишева ж.б.), *логикалык багыт* (Н.Д.Арутюнова, Р.И.Павиленис, А.Абдулатов), *семантика-когнитивдик багыт* (Е.С.Кубрякова, Н.Н.Болдырев, Е.В.Рахилина, Е.В.Лукашевич, А.П.Бабушкин, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.В.Быкова), *философиялык-семиотикалык багыт* (А.В.Кравченко), *психолингвистикалык багыт* (А.А.Залевская, Б.Е.Дарбанов), *тарыхый-диахрониялык жана катарлаштырып талдоо багыты* **(**М.Ж.Тагаев, З.К.Дербишева, К.З.Зулпукаров, Б.Е.Дарбанов, Г.А.Абыканова, У.Ж.Камбаралиева, Б.Б.Нарынбаева, А.Р.Бутешова, А.А.Калмурзаева ж.б.), *салыштырып талдоо жана лексикографиялык лингвокогнитология багыты, структура–семиотикалык багыт* (Ю.М.Лотман, Вяч.Вс.Иванов, В.Н.Топоров, М.А.Гаспаров ж.б.) *когнитивдик-педагогикалык* багыт (К.З.Зулпукаров, А.Абдулатов, Г.Ж.Абдимиталипова, М.Малабаев ж.б.). Мында провербиалдык каражаттарда чагылдырылган концепттерди окуу-тарбия ишинде колдонууга мүмкүн болгон ыкмалар баяндалат.

1.5. Лингвопаремиология: предмети, статусу жана сыпаттоо өңүттөрү. Лингвопаремиологиянын предмети – элдик оозеки чыгармалардагы микрожанрлар: макал, лакап, белги, табышмак, ырым сөздөр, анекдоттор ж.б. Кичи фольклордук чыгармаларды презентациялоо, системалаштыруу, изилдөө түрдүү принциптерге негизделет. Булардын ички маңызын, колдонушун, өнүгүүсүн, таркалышын иликтөө көп багыттарда жана өңүттөрдө аткарылат. Лингвопаремиология паремиялардын бардык түрлөрүн, жанрларын синтездеп, аларды лингвистикалык ыкмалар менен бир өңүттө өзүнчө уюшкан бүтүндүк катары изилдейт.

Паремияларды когнитивдик-синтаксистик каражат катары иликтөө зор илимий жүйөөгө ээ. Анткени бардык паремияларда синтаксистик түзүм бар, баары маалыматты чагылдырат, каттайт, топтойт, сактайт жана таркатат. Бул кассиеттер паремияларды синтаксистик деңгээлде кароого өбөлгө түзөт.

1.6. Параллелизм түшүнүгүнүн филологиялык обьект катары изилдениши. Филологияда параллелизм түшүнүгү кенен анализденген. Бул проблемага адабият теориясы, лингвистика, стилистика, текстология боюнча адистер кайрылышкан. Параллелизм – поэзия менен грамматика тармактарында жыш, өзгөчө, басымдуу кызмат кылган тилдик көркөм ыкма.

Параллелизмдин табиятын жана силистикалык өзгөчөлүктөрүн көп окумуштуулар (Дж.М.Хопкинс, Р.О.Якобсон, Роберт Лауд, Т.Кьюмен, В.Поппер, Г.Л.Гинзбург, В.Ф.Олбрайт, Ф.М.Крусс, Д.Н.Фридман, Дж.Ф.Дейвис, Ф.Миклошич, А.А.Потебня, С.Шафранов, Л.Тимофеев, Б.Томашевский, Н.Венгров ж.б.) эмгектеринде чагылдырышкан.

Түрк жана кыргыз поэзиясындагы параллелизм бир топ изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бөлгөн. Тигил же бул даражада параллелизм маселеси В.В.Радлов, Т.Ковальский, Н.Трубецкой, В.М.Жирмунский, Б.Керимжанова, Т.Р.Кордабаев, М.Борбугулов, А.Жамахсудов, И.Расулов,

К.Рысалиев, С.Гапаров, Г.Ж.Абдимиталипова ж.б. изилдөөлөрүндө каралган. Иште булар тапкан натыйжалар көңүлгө тутулат.

Экинчи бап **“Паремиялардагы синтаксистик параллелдүү пропозициялардын репрезентативдерин изилдөөнүн негиздери: материалдары, методдору жана айрым натыйжалары”** деп аталат. Бул баптын негизги максаты болуп кыргызча жана этнос аралык провербиалдык каражаттардын айрым түрлөрүн салыштырып изилдөө болуп саналат.

Адамзатка мүнөздүү баалуулуктарды чагылдырган прецеденттик жалпы ой-пикирлер, баалоо сүйлөмдөрү, нормативдик императивдер тилде көп. Алардын мазмуну, турпаты, түзүлүшү окшош, колдонуу максаттары, жагдайлары бирдей келет. Ошондуктан паремиологдор бүт адамзатка тиешелүү лингвоменталдык формулалар тууралуу сөз кылышат. Мындай жалпы формулалар өз ара когнитивдик-тилдик параллелдүүлүк касиетине ээ.

2.1. Иликтенчү фактылардын булактары, константалык көрсөткүчтөрү жана изилдөө методдору. Изилдене турган фактылар түрдүү булактардан алынды. Бул булактардын катарында З.В.Абаева, А.Абдулатов, Д.Т.Айылчиева, У.Асаналиев, Н.С.Ашукин, М.Г.Ашукина, А.А.Гердт, И.П.Гуля, В.И.Даль, И.М.Деева, А.А.Жусупова, С.Закиров, М.Ибраимов, Я.И.Калонтаров, Х.Карасаев, Г.Ж.Кожоева, А.А.Крикман, М.К. Кууси, А.Н.Лисс, В.М.Мокиенко, Г.Л.Пермяков, З.К.Тарланов, Г.Тажиева, А.Курманбекова, В.Фойт, З.Б.Цаллагова, М.А.Черкасский, Г.Шулежкова, С.К.Эшманова ж.б. тапкан, топтоштурган, чечмелешкен фактылык материалдар колдонулду. Айрым учурларда бул эмгектердеги тематикалык бөлүнүштөр, топтордун аталыштары пайдаланылды.

2.2. Паремиялардагы инварианттулук-варианттулук кубулушу. Инварианттуулук түшүнүгү тил теориясында орчундуу орун ээлейт. Инвариант – семантикалык кубулуш. Инвариант деп тигил же бул тилдик бирдиктердин жекече, чектүү жана конкреттүү колдонуштарын жалпылоочу, бириктирүүчү маанини айтабыз.

Инвариант түшүнүгү өзүнүн антиподусуз жашабайт. Мындай анын антиподу – вариант. Варианттардын болуусу гана инвариантты талап кылат. Инвариант варианттарды, вариацияларды, трансформаларды жалпылоо жолу менен гана аныкталат. Инвариант өз варианттарында, трансформаларында, конкреттүү колдонууларында гана жашайт. Инвариант менен вариант өз ара тыгыз байланышта. Буларды ажырым кароого болбойт.

Инвариант жалпылоочу, бириктирүүчү, интеграциялоочу гана эмес, абстракциялоочу да касиетке ээ. Ал абстрактуу түшүнүк. Аны конкреттүү варианттардын жыйындысы уюштурат. Инвариантка туруктуулук да мүнөздүү. Ал бардык варианттары үчүн бирдей, туруктуу, негиздүү өзгөрүлбөс касиетке ээ.

Инварианттуулук жана константтуулук маселеси эквиваленттүүлүк түшүнүгү менен байланыштуу. Анткени эквиваленттүүлүктү функционалдык жактан бирдей, варианттык жана синонимдик катыштагы тилдик каражаттар

түзөт. Ошондуктан эквиваленттүүлүк провербиалдык каражаттарда учурайт деп ишенимдүү айтууга болот.

Ошентип, провербиалдык каражаттарды изилдөө үчүн инварианттулук-константтуулук түшүнүгүнүн варианттуулук-өзгөрүлмөлүүлүк түшүнүгүнө карама-каршы коюлуп, булардын ички биримдигин табуу өзгөчө маниге ээ экендигин белгилеп кетебиз.

2.3. Паремиялык пропозициянын когнитивдик тилдик дүйнө сүрөтүндөгү орду. Дүйнө сүрөтүнүн туунду формасы тилдик каражаттар аркылуу уюшат. Тилдик каражаттар аң-сезимдеги элестердин калыбы катары кызмат кылат. Алар материалдык мүнөздө дүйнөнүн когнитивдик сүрөтүн шөкөттөйт, жөнөкөйлөтүп түшүнүүгө, түшүндүрүүгө ылайыктап сыртка чыгарат. Когнитивдик сүрөт «ичте», аң-сезимде болсо, тилдик сүрөт “сыртта”, тилдик белгилерде жашайт. Тилдик белгилерде бардык маалыматтар берилет. Тилдик дүйнө сүрөтү туунду мүнөздө, ал аң-сезимдеги когнитивдик сүрөттүн туунду белгилеринин системасы катары кызмат кылат.

Пропозиция-семантикалык, инварианттын бир түрү. Ал сүйлөм, айтымдарга гана тиешелүү. Сүйлөмдөгү анын трансформаларындагы модалдык жана коммуникативдик парадигмалардын бардык мүчөлөрүнө тиешелүү жалпы семантикалык инваринатты пропозиция дешет. Пропозиция термини алгач «ой» + «сүйлөм» комбинациясын туюнткан. Азыр пропозиция субьективдүү өзгөрүүлөргө баш ийбеген туруктуу ойдун, пикирдин аталышын билдирет.

2.4. Паремиядагы параллелдүүлүк жана анын фрейм, сценарий түзүүдөгү кызматы. Паремиялар негизинен лингвопоэтикалык түзүлүштө болгондуктан аларды көркөмдүүлүк рифма, ритм, параллелдүүлүк ж.б. каражаттар уюштурат.

Мисал үчүн: «Боз үй» концептин алалы. Биз анын паремиялык мазмунун фрейм катары сыпаттоого аракет жасайбыз. Бул фрейм белгилүү табышмактын жандырмагы. Табышмакта фреймдин негизги слоттору жана жалпы сүлпөтү текст катары шөкөттөлгөн.

М: *Биз үч жүз кырк бир тууганбыз,*
Белибизди кыл чылбыр менен бууганбыз,
Бирибиз тоодо, бирибиз чөлдө
Ошентип оокат кылганбыз. Бул табышмактын формасы параллелдүүлүккө негизделген элдик чыгарма экендигин ишенимдүү эле айтууга болот.

Табышмакта «Боз үй» фрейминин репрезентативдери бир-нече түрдө берилген. «Боз үй» концепти кыргыздын этностук ойтутумунда өзүнчө көркөм, бүтүн фрейм катары орун алган. Ошол эле учурда фрейм менен анын слоттору түз аталбай, метафоралык каражаттар аркылуу каймана берилиши табышмактын бөтөнчүлүгүн жарата алды.

«Боз үй» концепти өзүнчө сценарий-скрипт боло алат. Анткени аны тигүү өзүнчө ирет менен жүргүзүлөт. Анын скриптин ырааттуу аткарылган

аракеттер түзөт. Айрым паремияларда параллелдүүлүк менталдык-тилдик сценарийди түзгөн каражат катары кызмат кылат.

2.5. Параллелдүүлүктү жаратуучу каражаттардын кээ бир түрлөрү. Параллелдүүлүктүн көзгө урунган, көп таркаган тилдик жана менталдык айрым түрлөрүн белгилеп кетели.

1.Тилдеги эки же андан көп сандагы толук кайталоолордун параллелдүүлүгү. Булар мааңи-маңызы, көлөмү, тилдик турпаты, максат-милдеттери, колдонуу орду боюнча түрдүүчө. Түрдүү көлөмдөгү клишелер, поэтикалык кичи чыгармалар, обондуу ырлар, анекдоттор, тамаша-мыскылдар ж.б. тынымсыз кайталанып, убакыт-мейкиндиктеги параллелдүүлүк касиетине ээ тилдик-менталдык каражаттар катары колдонулат.

С+П түзүлүшүндөгү эки субектти салыштырчу кошмок сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүк: *Сен – сен, мен – мен* “Тыңдоочу (*сен*) өзүнчө сапаттарга, сүйлөөчү (*мен*) өзүнчө сапаттарга ээ” маанисинде; Бул татаал сүйлөмдө конструктивдик да параллелдүүлүк бар. Мында субектке субект, предикатка предикат шайкеш келип, сүйлөм аралык параллелдүүлүк жаралды.

2.Айрым кайталанбаган элементтери бар прецеденттик параллелдүүлүктөр. Параллелдүүлүк парадигматика-синтагматикалык мүнөздө болот. Аларда тизмектешүүчүлүк менен бирөңчөйлүк бир эле учурда, чогуу, комплекстик түрдө кездешет. Бир формулага баш ийген эки макалга көңүл бөлөлү:

Адам – адам менен адам

Киши – киши менен киши. Бул эки паремия – синонимдер. Алардын мазмуну ички динамикалуу, кырдаалга жараша өз потенциялын кенен ача алат. Бул макалдардын ортосундагы катыш парадигмалык мүнөздө.

3.Ири тексттеги кайталанган параллелдүүлүктөр. Параллелизм поэтикалык тексттерди уюштуруучу орчундуу каражат. Ритм, рифма толук сакталган поэзия параллелсиз болбойт. Саптардагы муундардын, сөз бөлүктөрүнүн, сөз айкаштарынын жандаш барабардыгы параллелдүүлүккө тиешелүү. Бул көрүнүш ири поэтикалык тексттерде, дастандарда эпостордо кенен кездешет. Мисал үчүн Т.Сатылгановдун «Дүнүйө» ырынын тексти толук бойдон тексттик параллелдүүлүккө негизделген. Бул жерде сөздөрдүн, саптардын, сүйлөмдөрдүн строфалардын (текст фрагменттеринин) параллелдүүлүгү жөнүндө кенен сөз кылууга болот.

4.Строфалардагы параллелдүүлүк. Бул кубулуш кыргыз поэзиясында кенен таркалган. Элдик «Күңөтай» аттуу ырдын эки строфасы буга далил. Ал эки куплетте параллелдүүлүктүн толук үлгүсү бар. Биз белгилеген *сап-сап – сабын – сан / топ-топ – тобун – топ* үчилтиги үч саптын анафоралык (тыбыштык, морфемалык, сөздүк) үндөштүгүн жана параллелдүүлүгүн түзүп турат.

Буларды алып койсок, эки кемтик сап бирдей болуп калат:

... учкан таранчы, (*сап-сап // топ-топ*)

... бузбай саначы (*сабын / тобун*)
... кыздардын ичинде (*сан / топ*)
... Күңөтай барбы: карачы.

Ошентип, тилде параллелизм кубулушу кенен таркалгандыгын ишенимдүү айтууга болот. Алардын түрлөрү көп. Биздин изилдөө үчүн анын синтаксистик элементтерди пропозиция жаратуучу ролун белгилөө орчундуу.

2.6. Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө. «Жалгыз зат бүтүндүктү түзө албайт» деген жалпылоочу пропозицияны жиктеп алууга болот. Бул пропозицияны когнитема деп атоого да негиз бар. Бул когнитеманы үч топтогу макалдар вербалдаштырганын көрүүгө болот. Ошого ылайык анын ичинде үч кичи когнитеманы жиктеп берүүгө жол бар.

1. Жалгыздын аракети чектүү. Чуваштарда: *Жалгыз аары көп бал бербейт*. Бул макал кыргызча да жолугат: *Жалгыз аары жарытып бал жыйнабайт*. *Жалгыз пил чоң чаң чыгарбайт* (овамбо). Кыргызчада бул пикир татаал контекстте берилет: *Жалгыз жүргөн жарыбайт, жарыса да марыбайт. Жалгыз эрдин аты чыкпайт, аты чыкса да заты чыкпайт. Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, жалгыз эрдин даңкы чыкпайт. Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, чыкса да даңы чыкпайт* (кырг.). Демек, бир заттын аракети чектүү жана көп натыйжа бере албайт.

2. Эки заттын кызматын бирөө аткара албайт: *Жалгыз өгүз кош болбойт, эки арамза дос болбойт. Жалгыз кол түйүн чечпейт* (кырг.). *Эки баш бирөөнөн акылдуурак. Бир адам жакынды көрөт, эки адам алысты көрөт* (кыт). *Эки көз бир көзүңөн көбүрөөк көрөт* (лат.). *Эки пикир бирөөнөн баалуурак* (французча). Бул макалдарда бир заттын эки затка карата алсыздыгы, чабалдыгы же толук кызмат аткара албастыгы элдик ой катары берилет.

3. Бир зат көп заттардын бириккен кызматын аткара албайт. Бул когнитема кыргыздын этностук ойтутумунда кеңири экспликацияланган: *Бир таш тоо эмес, бир баш эл эмес. Жалгыз таруу ботко болбойт. Жалгыз дарак токой болбойт. Жалгыз таш үй болбойт. Бир дарак бакча эмес, бир таш дубал эмес. Жалгыздын колунан келбеген жаамы журттун колунан келет. Жалгыз жыгач үй болбойт, жалгыз жигит бий болбойт. Жалгыз таруу ботко болбойт, жалгыз адам тутка болбойт.* Ж.Ы.Койчуманов келтирген акыркы төрт мисалда аталган когнитема жупташкан татаал сүйлөмдөрдө берилет. Бул параллелдүү сүйлөмдөр маанилик-конструктивдик жактан да, когнитивдик-семантикалык жактан да жандаш, бирин-бири толуктап, кубаттап турат.

Үч топтогу паремиялардын субьекти *жалгыз* (*бир*) *зат* менен предикаты *бүтүн* (*толук*) *эмес* (ар кыл варианттарда) биригип, «Жалгыз зат бүтүндүктү түзө албайт» пропозициясын жаратты.

Бул маани бардык учкул сөздөрдү бириктирип, алардын ички мазмунундагы жандаштыкты, параллелдүүлүктү туюнтуп турат.

Үчүнчү бап **“Паремиялык сүйлөмдөрдөгү логикалык-семантикалык инварианттуулук жана анын тилдерде трансформацияланышы (изилдөөнүн натыйжалары)”** деп аталат.

Макал-лакаптарда жалпылоочу касиет күчтүү өнүккөн. Алар элдик тажрыйбаны чагылдырат, жалпылайт, типтүү формулаларга баш ийдирет жана этностун дээрлик бардык өкүлдөрүнө түшүнүктүү, зарыл лингвоэтномаданий каражаттар катары жашайт. Адамзаттын эстутумундагы дүйнө сүрөтү өтө көп жалпы когнитемаларга, пропозицияларга ээ. Мындай жалпылыктар анын паремикалык корунда кенен жана даана чагылдырылат.

Бул баптын максаты болуп – дүйнө элдеринин макал-лакаптарында камтылган жалпы тилдик-менталдык формулаларды салыштырып изилдөө болуп саналат.

3.1. Өзгөрүлбөстүк-өзгөрүүчүлүк дихотомиясынын паремияларда берилиши. Бардык заттардык өзгөрүлүү жана өзгөрүлбөө сапатына карап экиге бөлүүгө болот: алардын айрымдары өзгөрүлөт, айрымдары өзгөрүлбөйт.

Биз «Нерселер, алардын кээ бир касиеттери өзгөрүлөт же өзгөрүлбөйт» инварианттык маанинин бир нече кичи топторун талдап көрөлү. Бул катыштагы инвариантты туюнтуучу макалдарга мүнөздүү «Бардык нерселер өз касиеттеринен дайыма сактап, эч бир шартта алар өзгөрбөйт» деген жалпылоочу маанини көптөгөн макалдар бере алат. М: *Пияздын жыты дайыма бирдей* (арабча). *Жылан бамбук чыбыгына да оролушка аракет кылат* (кытайча). *Меккеге алып барсаң да, сарымсактын даамы өзгөрүлбөйт* (чеченче). *Сөгүп да, күлүп да дүйнөнү өзгөртүүгө болбойт* (идишче). *Ракушка эч убакта заңдабайт* (корейче). *Таранчы жүз жыл бою да секире берет* (япончо) ж.б. Бул сүйлөмдөргө мүнөздүү жалпы мазмун бар. Бул мазмун аталган заттарга түздөн-түз тиешеси жок. Макалдардын темасы түрдүүчө. Макал үчүн алардын ар биринин өзүнө гана мүнөздүү сапат зарыл. Бул сапат зат үчүн туруктуу.

Кийинки макалдардын инварианттык мааниси бир аз башкача. Аларды бириктирүүчү мазмунду**:** «Бардык нерселер кайсы бир сапаттарын дайыма өзгөртүп турат жана эч убакта аларды көпкө туруктуу кармай албайт» - деп белгилөөгө болот. Бул инварианттык пропозициянын номинанттары да түрдүүчө, бирок биригип жалпы когнитеманы түзүшөт. Мисалдарга кайрылалы. *Бешиктеги бала беш жолу өзгөрүлөт* (татарча). *Киши тагдыры бир түндө бир нече өзгөрүлөт* (корейче). *Мезгил өзгөрүлөт, аялдарга да сакал чыгат* (сонгиче). *Дарыя да нугун өзгөртөт* (удмуртча) ж.б. Макалдардын темасы түрдүүчө. Аталган реамиялар да ар кыл. Баарына өзгөрүү мүнөздүү экендиги чындык катары каралат.

3.2. Өзгөчөлүүлүк-бирөңчөйлүк константалык маанинин паремияларда берилиши. «Өзгөчөлүүлүк-бирөңчөйлүк» - константалык мазмун. Анын тилдик-логикалык каражаттары арбын. Алар бир нече түргө ажыратылат.

Бирдей эместик-бирдейлик контрасттык маани жогоруда аталган кошилтикке баш иет, төмөндөгүдөй когнитемаларда жүзөгө ашат. **Бардык заттар (алардын ичинде окшоштору да) бөтөнчөлүккө ээ болуп, бир тарабы менен өз ара жиктелишет.** *Ар бир гүлдүн өз жыты бар* (түркчө, өзбекче, уйгурча, күрдчө, тажикче, армянча). Бардык гүлдөрдүн бирдейлиги, окшоштугу, жалпылыгы *гүл* сөзүндө презентацияланган. Бүткүл гүлдөрдү жалпылоо *ар бир* сөз айкашында, бөтөнчөлүктү белгилөө *өз* ат атоочунда берилген. Гүлдүн касиетин *жыт* зат атоочу атайт. Бул макал көптөгөн аналогдорго ээ.

Көп учурларда предикаттар аралык параллелдүүлүк учурайт. Мындай сүйлөмдөрдүн жандаштыгы, окшоштугу төмөндөгү макалдарда кездешет:

Бирдей эки жүз болбой,

Бирдей эки жүрөк болбойт (япончо).

Бул макалда кайталанбаган *жүрөк, жүз* сөздөрү да функциялык жактан өз ара параллелдүү (муундары ар кыл болгону менен), калгандары абсолюттук барабардыкты жаратты.

Даректар бирдей болбойт,

Адамдар бирдей болбойт (мокшача, эрзяча, карелче). Бул жерде келтирилген макалдар жуп саптуу. Ар бир сап өз ара параллелдүүлүктү түзүп турат. Келтирилген жупташ сүйлөмдөрдө тил ичиндеги да, тил аралык да параллелдүүлүктөр байкалат.

Бардык заттар (айрыкча окшоштору) бирдей сапаттарга ээ, бири-биринен анчейин деле айырмаланышпайт. Көп макалдарда заттардын айырмачылыктары белгиленбей, аларды идентификациялоочу, жалпылап көрсөтүүчү предикат же предикаттык атрибут колдонулат.

Айрым заттар (окоштору да) өзгөчөлүккө ээ болот, калгандары өзгөчөлөнбөйт, кээде айрым заттар бири-биринен бир тарабы менен айырмаланат, кээде – айырмаланбайт.

Окшошпостук-окшоштук да - контрасттык бүтүн маани. Бул инварианттык мазмун бир нече пропозициялар аркылуу ишке ашат. Мисалы, **бардык заттар (окшоштору да) бири-бирине таптакыр окшобойт жана кайсы бир тараптары менен бири экинчисинен айырмаланат.** Бул когнитема бардык заттардын мейкиндик-убакытта эч бир кайталангыстыгы тууралуу универсалдык гносеологиялык жобонун элдик менталитетте пайда болгон, эл байкаган эпкиндеринин паремиялык түрдө презентацияланышына негиз болот.

3.3. Нерсенин карама-каршы сапаттарын экспликациялоочу паремиялардын семантикалык түрлөрү. «Бүтүндүк-карама-каршылык» константасы ири көлөмдө. Анын курамында бир нече когнитема жиктелет. Бүтүндүктү «бир кылкалык, бирдейлик», карама-каршылыкты «бир кылка эместик, бирдей эместик» маанилери уюштурат. Мында ар кандай зат же кубулуш бир эле учурда бирдейлик менен бирдей эместик сапаттарына ээ болушу туюнтулат. Зат сапаттарынын кош белгилери этностук ойтутумунда түптүү орун алган, ал эми провербиалдык каражаттарда типтүү

семантикалык формулага баш иет. Бул кубулуш бир нече ички түргө ажыратылат.

1. Нерселер ички биримдикке, бир кылкалыкка ээ да, бирин-бири танган, бирине экинчиси коошпогон сапаттарды камтыбайт. Бул маани төмөнкү макалдарда даана берилет. *Отко кайсы тарабынан тийсең да, баары бир күйгүзөт* (тамилче). *Фотай узунунан да Фотай, туурасынан (эникен) да Фотай* (осетинче). *Жүгөрүнүн сабагы да жакшы, даны да жакшы* (амхара). *Ким тыйындан алдабаса, ал акчадан да алдабайт* (еврейче). *Башы таттуунун куйругу да таттуу* (суахиличе) ж.б. Макалдардын түзүлүштөрү түрдүүчө. Ошого жараша мазмундары да айырмаланат, бирок жалпы семантикалык формулага баш иет.

2. Нерселерде ички биримдик, бүтүндүк жок, бирин-бири танган сапаттар, бирине экинчиси дал келбеген аракеттер мүнөздүү. Бул когнитемага да көп паремиялар баш иет. *Ар бир жүрөктө ысык да, суук да бар* (түркчө). *Саадакта өлүм да, жашоо да бар* (овамбочо). Мындагы курал бирөөнү өлтүрөт, бирөөнү тойгозот, демек, карама-каршы кызмат кылат. *Жердин жарымында калк бар, жарымында чөл бар* (хиндиче). *Киши гүлдөн назик, таштан катуу* (уйгурча) ж.б.

3. Айрым заттар ички бир кылкалыкка, биримдикке ээ, айрымдарында биримдик болбойт. Кайсы бир нерселер бүтүн болушат, кээде бүтүндүктү жоготуп коюшат.

Бир топ макалдарда константалык «позитивдүүлүк-негативдүүлүк» мааниси үстөмдүк кылат. Алардын когнитемалык мазмунун төмөндөгүдөй аныктоого болот: нерселердин ички биримдиги, бирдейлиги бүт көлөмүнүн ар бир бөлүкчөсүнө (кыпынына) чейин камтыйт; оң сапаттагы заттар бүт бойдон оң, терс сапаттагы заттар бүт бойдон терс болушат.

3.4. Биргелик (чогуук) - бирге эместик (чогуу эместик) маанисиндеги прототиптин паремияларда чагылдырылышы. Түрдүү заттар (карама-каршылары да) дайыма бирге болушат. Бирөөсүнүн бир эле жерде же бир эле убакта болушу экинчисинин да болушун талап кылат. М: *Күч бар жерде теңдик жок* (кыргызча). *Күч бар жерде укук жок* (герерочо). *Киреше бар жерде чыгаша бар* (бенгалча). *Краб бар жерде балык бар* (кытайча). *Досуң бар жерде касың бар* (маврикийче). *Күлкү бар жерде, кайгы бар* (чувашча) ж.б. Көрүнүп тургандай, контрасттык эки кубулуш, эки зат бир мейкиндикте бирге, чогуу жашашы, бирин-бири толуктоосу келтирилген учкул сөздөрдүн мазмунун түзүп турат.

Кээ бир макалдарда эки заттын бирөө активдүү, экинчиси пассивдүү аракетке ээ: *Тарп бар жерде жору бар* (түркчө, алтайча, овамбочо, индонезийче). *Өлүмтүк бар жерде бүркүт бар* (библияда). *Гүл бар жерде көпөлөк да бар* (вьетнамча).

Түрдүү заттар (карама-каршылары да) эч убакта бирге болбойт. Бирөөнүн бул жерде же бир учурда бардыгы экинчисин ошол жерде жана учурда жоктугун талап кылат. Бул когнитемалар да түрдүү элдердин паремияларында кенен презентацияланат.

3.5. Өз ара багынычтуулук-багынычсыздык константасы паремияларда. Бул константанын формуласы «Эгер бир зат болсо, экинчи зат да болот» катары туюнтууга болот. Шартка багынгандык-багынбагандык инварианттык маани бир кыйла когнитемалар аркылуу жүзөгө ашат.

1. Бир заттын бардыгы экинчи заттын бардыгын шарттайт. Бир заттын болушу экинчи заттын болушун талап кылат. Эгер бир зат бар болсо, экинчи зат да бар болот. *Мүйүздөр болсо, кулактары да болот* (малагас.). *Ун болсо, нан да болот* (тамилче). *Өйдөлүш бар жерде ылдыйыш да болот* (бирмача, кабардинче, күрдчө). *Булутта шамал болсо, дарыяда толкун болот* (кытайча). *Асман күркүрөсө, жамгыр болот* (күрдчө). *Бычак болсо, кын болот* (якутча). *Бийлик болсо, тарапкер табылат* (корейче). *Итти ургуң келсе, таяк табылат* (идишче). *Киши өтсө, из калат* (осетинче). *Ат оонаса, түк калат* (кыргызча) ж.б. Бардык сүйлөмдөр татаал түзүлүштө. Биринчи бөлүгү - шарттуу багыныңкы сүйлөм. Баш сүйлөмдө натыйжа берилет. Бул натыйжа биринчи бөлүктөгү туундусу катары белгилене алат. Бардык сүйлөмдөрдө “шарт-натыйжа” катышы бар. Шартты түзгөн субьект үстөмдүк сапатына ээ.

2. Бир заттын бардыгына (болушуна) экинчи заттын бардыгы (болушу) баш ийбейт. Бир зат бар, экинчи зат жок. Бул пропозиция бир нече типтеги макалдарда берилет. *Шамал жүргөн менен тоолор кыймылдабайт* (япончо). *Асмандагы куштун изи көрүнбөйт* (бирмача). *Ат бар, чаба турган жер жок* (азербайжанча). *Бирөөн тапсаң, бирөө жок* (ньянгча). *Мен канзадамын, сен канзадасың, а эшекти ким айдайт* (ливиялыктарда). *Мен биймин, сен бийсиң, а эгинди ким бастырат* (түркчө). Сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүктөрүндө реалдуу аракеттер, булардын атоолору бир *(шамал жүргөн, асмандагы куш, ат бар* ж.б.) экинчи бөлүгү аларга карама-каршы келет. Макалдардын эки бөлүгүнүн ортосунда шайкештик, бирин-бири колдоо көрүнбөйт.

3. Бир заттын болушу же бардыгы экинчи заттын болушуна же бардыгына себеп болот, кээде себеп болбойт.Үчүнчү заттын болушу кайсы бир заттардын болушуна багынычтуу, кайсы бир заттардын болушуна багынбайт.

Бири-бирине багынычтуу заттар өз ара ажырагыс болуп, өтө тыгыз байланышта учурайт. Бир зат бар жерде экинчиси да бар. Кыргыздын ойтутумунда татаал параллелдүү макалдар арбын кездешет.

3.6. Туундулук-туунду эместик константасы катышкан учкул сөздөр. Бул түзүлүштөгү накыл сөздөр паремиялык фонддо кенен таркаган. Ал көптөгөн макалдардын башын бириктирип, буларды салыштырып кароонун негизи боло алат.

Нагыз туундулук жана туунду эместик – инварианттык мазмундагы көптөгөн паремияларды кошуп кароону талап кылуучу маани. **Бир зат экинчи затты жаратат же тууйт.** Эгер жаратуучу зат болсо, анда жаралуучу зат дагы болот. Туунду зат менен туудуруучу зат өз ара тыгыз байланышта. Бул когнитема бир нече жалпы түзүлүштөгү учкул сөздөрдө параллелдүү

маанилерди уюштуруучу инвариант катары колдонулат. *Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө эмнеден чыгат* (кыргызча, казакча). *Сөз сөздү жаратат, кеп кепти жаратат* (якутча). *Сөз сөздү жаратат* (азербайжанча, персче, армянча). *Илим имишти туйт* (корейче). *Отун күлдү жаратат* (зулуча). *Үмүт жүрөктүүлүктү туйт* (тагалча). *Шектүүлүк карааңды туйт* (япончо). *Пил чымчыкты туптур* (крымдыктарда). *Пил арсты туптур* (түркчө). *Зарылдык – тапкычтыктык энеси* (урдуча, япончо). Бул когнитема кыргызча вариантташкан көп макалдардын да өзөгүн түзүп турат.

Нерселердин башталуусу-башталбоосу да – өзүнчө инварианттык маани. Бир зат экинчи затты баштайт. **Бир заттын болушу экинчи заттын башталуусун талап кылат же шарттайт.** Бул когнитемага дал келген мисалдар арбын. Келтирилген туундулук-туунду эместик, башталыш-уланыш сыяктуу инварианттык маанилер этнос аралык окшош, бири-бирине жакын накыл сөздөрдө берилет.

3.7. Катарлаштык-катарлаштыктын бузулушу накыл сөздөрдө. Бул константа убакыттагы, логика-ойдогу ырааттуулукту чагылдырат. Нерселер, окуялар, аракеттердин биринин артынан бири келиши же келбеси учкул сөздөрдө озүнчө чагылдырылат. Бул константа эки чоң тайпага ажыратылат: Тизмекшештик – тизмектештиктин бузулушу жана оошуп алмашуу – оошуп алмашпастык. **Нерселер же аракеттер бири-биринин артынан белгилүү тизмекте жайгашат: алгач бир нерсе, артынан экинчи нерсе жүрөт, тартиптин эч бузулбастыгы керек.** Бул маани көптөгөн макалдар аркылуу берилет. *Жаңгакты жеш үчүн аны чагыш керек* (конго). Мында чагылбаган жаңгакты жешке мүмкүн эмес. Мурда аны жарыш керек, маңызын алып гана азыктанууга болорлугу белгиленет. Аны сөөгү менен жешке болбойт.

Нерселер ирет сактабай эле биринин артынан бири келет: мурункудан кийин арткысы келбей, башкасы келет; тартип көз көрүнөө бузулуп турат. *Алманы көрүп тишим жашыды* (уйгурча). Мында табигый тартип бар: 1) алманы жеш керек; 2) алманы жегенде тиш жашыйт. Бул ирет макалда бузулуп кеткен: биринчи аракет аткарылбай эле, экинчи кубулуш пайда болду. Бул жерде гиперболанын, азилдин элементи бар. Ал макалдын көркөмдүгүнө үлүш кошуп турат.

Оошуп алмашуучулук-оошуп алмашпоочулук инварианты, өз кучагына бир нече фреймдик-пропозициялык катыштагы маанилерди камтыйт. Анын чегинде төмөндөкүдөй түзүмдөгү когнитемалар орун алат. **Нерселер (окуялар) белгилүү иретте бирин-бири алмаштырат: мурда бирөөлөрү, артынан башкалары жүрөт.** Алардын орундашуусу өтө зарыл жана милдеттүү түрдө ишке ашат.

Жакшылыктан кийин жамандык келет, жамандыктан кийин жакшылык келет (япончо). Мында параллелдүүлүк өз «тулкусуна» кайчылашкан антонимдери барабардаштырып, камтып алды. Макалдын тутумдук бөлүктөрүндө ээге ээ, баяндоочко баяндооч, мезгил бышыктоочко мезгил бышыктооч дал келип турат, сөз түркүмүнө сөз түркүмү, сүйлөмгө сүйлөм жупташып колдонулган.

Заттар жана окуялар бирин-бири алмаштырбайт: бир заттардан кийин башка заттар келбейт да, ошол эле заттар же ошого окшогондор жүрөт. Нерселер бирин-бири алмаштырбайт, мында оошуу жок. Бир оорчулуктун ордун экинчи оорчулук ээлейт.

М: *Араба – ны көтөр – сө – ң, ат жыг – ыл – а – т.*

Ат – ты көтөр – сө – ң, тогоо үз – үл – ө – т. Бул мисалда параллелдүүлүк күчтүү берилген. Когнитемалык маани көп тараптуу параллелдүүлүкө шөкөттөлүп турат.

3.8. Бири-бирине өтүү-өтпөө архетиби. Бул түптүү жана жалпы мазмун да көптөгөн учкул сөздөрдө репрезентацияланат. Мында бир заттын экинчи затка өзгөрүлүп кетиши бул маниге ылайыкташкан провербиалдык каражаттар аркылуу шөкөттөлүшү жөнүндө сөз болот.

1. Бир эле зат өзүнөн-өзү башка затка өтүп кетет. Бир заттын болушу анын экинчи затка же түргө өтүп кетишин шарттайт жана алдын ала буга мүмкүнчүлүк берет. *Өзгөчө сылыктык жасакерликке өтүп кетет* (японча). *Оюн чыр чатакка айланат* (жаггача). *Ак да карага өтүп кетет* (вьетнамча). *Талаа токойго өзгөрүлүп кетет* (эвече, кембагал байып кеткенде айтылат). *Тыт дарагы деңизге айланып кетти* (корейче, кытайча; кыска мөөнөттө чоң өзгөрүүлөр болгондо). *Жаңынын баары эскирет* (мариче). *Бука болуп кетти эле, уй болуп кайтты* (дигорчо).

Бул макалдарда антонимдик да, айырмалуулук да катыштагы заттар, сапаттар жөнүндө сөз жүрөт. Алар мезгил өтүп өзгөрүлүшөт, бири экинчисине өтүп кетет. Жашоо убакытта жүрөт, убакыт менен кошо өзгөрүлөт, бир сапаттан экинчи сапатка өтүп турат.

2. Бир дагы нерсе экинчи нерсеге өтүп кетпейт. Бир нерсенин болушу экинчи нерсенин болушун шарттабайт же талап кылбайт. *Таруу буудай болбойт* (дигорчо). *Таш суу болбойт* (хаусача). *Бул мышык болсо, ал ит болуп кетпейт* (кытайча). *Краб куш болбойт* (эвече). *Малчы дыйкан болууга умтулбасы керек* (шумерче, б.а. ар ким өз ишин билүүгө тийиш). *Эски дос кас болбойт* (түркчө, крымдыктарча). *Ямсанын тамыры банан болбойт* (дуалача).

3. Айрым заттар башка заттарга өтүп кетишет, айрымдары өтпөйт. Нерселердин кайсы бир шарттарда бири-бирине өтүп кетиши же өтүп кетпестиги – өзүнчө инварианттык маани. Бул мазмундун паремияларда да хиазм сүлпөтүндөгү фигура аркылуу берилишин көрөлү:

Узун-дан кыска-ны алуу-га бол-о-т

Кыска-дан узун-ду алуу-га бол-бо-й-т. Толук параллелдүүлүктү тануу аффикси гана бузуп койду.

3.9. Актанттарды дал келүүсүн же дал келбөөсүн белгилөөчү макалдардын түзүлүшү. Актанттык дал келүү же дал келбөө мааниси да ири блокту түзөт. Өз ара байланыштыгы кыймыл-аракеттердин субъектилери бири-бирине толук дал келет. Бир аракеттин субъекти экинчи аракеттин да

субекти болот. Кыргызча: *Издеген табат. Издеген табат, сураган алат. Изденип калсаң табасың, көздөп калсаң аласың. Издесең табылат. Издегенде ар нерсенин жолу табылат*. Биринчи мисалда эки түрдүү аракет жөнүндө сөз болот: издөө жана табуу. Бул эки аракет өз ара байланышта. Алардын субекти – бирөө. Издөөнү да, табууну да бир субект аткарат. Бул жерде субект, ээ терминдери өз ара шайкеш эмес. *Издеген табат* сүйлөмүндө биринчи сөз ээ, экинчиси – баяндооч. Когнитивдик көз караш менен алганда мында эки аракет бар. Субект издөөнү да, табууну да аткаруучу тарап. Ал аракет ээси, актант. Кийинки мисал деле жогоркуга параллелдүү.

Обьекттердин дал келүүсү-дал келбөөсү да өзүнчө инварианттык мазмун. Өз ара байланыштагы же окшош кыймыл-аракеттер багытталган обьекттер бири-бирине дал келет. Бул аракет багытталган же камтыган зат экинчи аракеттин да обьектиси боло алат. *Эмнени айдасан, ошону аласын. Эмнени эксең, ошону оросун*. *Конокко эмнени берсен, ошону жейт* (пуштуча). *Эмнени эксен ошону оросуң* (орусча, азербайжанча, татарча, казакча, таиче). *Эмнени тиксең ошону кийесиң* (мокшача).

Өз ара алакадагы же окшош кыймыл-аракеттердин субект, обьектилери бири-бирине шайкеш болбойт. Бир аракеттин субекти, обьекти болгон зат экинчи аракеттин субекти, обьекти боло албайт. Экинчи аракеттин обьектиси биринчиникинен айырмаланбайт. Демек, эки башка аракеттердин субектилери, обьектилери да башка-башка болот. *Керегем сага айтам, келиним сен ук; уугум сага айтам, уулум, сен ук. Уугум сага айтамын, уулум, сен уккун. Уугум, сага айтам, уулум, сен ук; керегем, сага айтам, келиним, сен ук*. Бул жерде маанилик-когнитивдик да, морфологиялык да, интонациялык да, нагыз синтаксистик да параллелдүүлүк бар.

3.10. Сапаттык дал келүү-дал келбөө константасын репрезентациялоочу накыл сөздөр. Заттардын жана алардын белгилеринин өз ара алакасын билгизүүдө бул константанын ролу чоң. Өз ара байланыштагы заттардын касиеттери, белгилери бири-бирине дал келет. **Бир зат кандай болсо, экинчи зат да ошондой.**

Бул топтогу паремияларда генетикалык, нравалык, чөйрөлүк, сүлпөттүк ж.б. төп келүүлөр образдуу берилет: *Энеси кандай болсо, кызы ошондой* (тажикче, карбардача). *Атасы кандай болсо, уулу ошондой* (эрзя жана мокша мордвалыктарча). *Теги кандай болсо, урпагы ошондой* (азербайжанча). *Эри кандай болсо, аялы ошондой* (өзбекче, эрзя жана мокша мордавалыктарча) ж.б. Бул варианттардын баарында жалпы маани бар. Бул маани бир этноско эле таандык эмес. Анда жалпылоочу когнитема элдик байкоону билдирип турат да, башка аналогиялык түрдөгү макалдардын контекстинде өзүнчө орунга ээ.

Кыргыз тилинде бул түзүлүштөгү макалдар арбын. М: *Эрине жараша катыны. Ээси арамза болсо, аты чакыр болот. Эшегине жараша акыры. Эшегине жараша токуму. Эшегине жараша чому, төөсүнө жараша кому.*

Эшегине жараша тумагы, эришине жараша аркагы. Келтирилген мисалдардагы этнос аралык параллелдүү пикир кыргыз макалдарында өзүнчө жупташып күчтүү, таасирлүү берилгендиги көңүлгө аларлык.

ЖЫЙЫНТЫК

1.Синтаксис – тилдеги ири, көп тармактуу, пикир алмашууну уюштуруучу грамматикалык тармак. Ал калган деңгээлдерди: фонетиканы, морфемиканы, морфологияны, сөз жасоону, лексикологияны толук камтыйт, булардын тилдик кызматын уюштурат жана пикир билгизүүгө жумшайт.

Синтаксистин көп көрсөткүчтөрүнүн ичинен андагы параллелдүүлүк орчундуу мааниге ээ. Салттуу синтаксисте сүйлөм аралык изоморфтуулук, сүйлөм түрлөрүндөгү окшоштук, сүйлөм мүчөлөрүнүн, бөлүктөрүнүн бир өңчөйлүгү, сөз байланыштарындагы бирдейлик, татаал сүйлөмдөрдүн ортосундагы параллелдүүлүк сыяктуу кубулуштар атайын каралбай келет.

Синтаксистик параллелдүүлүк өз курамындагы тыбыштык, муундук (метрикалык), морфемалык, лексемалык, сөз айкаштык, сүйлөмдүн изоморфтуулуктун болушун шарттайт жана талап кылат. Текст аралык, строфа аралык параллелдүүлүк синтаксистин жандаш-бирдейликтин курамына кирбейт да, буга фон, контекст болуп бере алат.

2. Когнитивдик синтаксистин грамматикада өзгөчө орду бар. Ал башка синтаксистик теорияларга түрдүүчө алакада. Ал логикалык, семантикалык, функционалдык, коммуникативдик синтаксистерге ирегелеш, бирок трансформациялык, түзүүчүлүк, позициялык моделдештирүүчү, статистикалык, констрастивдик, типологиялык, парадигматика-синтагматикалык жана башка синтаксистик теорияларга таянат, булардын ык-методдорун колдонот.

Когнитивдик синтаксис маданият таануучулук, логикалык, семантикалык, когнитивдик, семиотикалык, психолингвистикалык, диахрониялык, контрастивдик, педагогикалык жана башка багыттарда каралды. Когнитивдик синтаксис лингвопаремиологиянын негизги объектисинин бирөө боло алат.

3.Синтаксистик изоморфизм – когнитивдик изоморфизмдин күзгүсү. Элдердин менталдык окшоштугу синтаксисте чагылдырылат. Дүйнөнүн когнитивдик сүрөтүн түзүүчү концепттер өз ара туташып ири менталдык-семантикалык блокторду, түрмөктөрдү түзөрү белгилүү. Бул түрмөктөр көп учурда предикативдик катыштагы С + П түрүндөгү коммуникативдик-тилдик бирдиктер аркылуу материалдашат. Мындай кубулуштун аң-сезимдеги баштапкы абалын пропозиция дешет. Пропозиция сүйлөм түрүндө тилге, синтаксиске өтөт.

Пропозиция – сүйлөмдүн модалдык жана коммуникативдик парадигмаларынын, варианттарынын, трансформаларынын жалпы мазмуну. Пропозицияны айрым окумуштуулар когнитема дешет. Бул терминдер негизинен С + П түрүндө уюшкан айтымдардын жалпы семантикалык сүлпөтүн туюнтушат.

4. Когнитивдик синтаксисте пропозициялардын өз ара изоморфтуулугу каралбай жүрөт. Пропозиция ойтуюмда жашайт. Ал заттар, кубулуштар, процесстер жөнүндөгү пикир. Пропозициялык изоморфтуулук бир эле жекече адамдын оюнда, эки же андан көп кишилердин ойтутумунда кездешет, этникалык топтордун, улуттардын, бүт адамзаттын эс кампасында да учурайт. Конкреттүү жагдайда ал айтым түрүндө материалдашат, сүйлөм турпатында репрезентацияланат.

5. Концепт – көп көрсөткүчтүү, түрдүү түзүлүштөгү менталдык-тилдик бирдик. Ал абстрактуу-конкреттүү, минималдуу-максималдуу, диахрониялык-синхрониялык, этимологиялык-актуалдуу, статикалуулук-динамикалуулук, чектүү-чексиз, ажырымдуулук-туташ, денотативдик-коннотативдик, жекече-топтук, (этностук, этнос аралык, региондук, континенттик, рассалык ж.б), өзөктүк-чекебелдик, реалдуу-идеалдуу (мифтик, сакралдык) ж.б. түрлөрдөн, катмарлардан турат.

6. Этнос аралык жана бир тилдеги паремиялык пропозицияларды изилдөөнүн булактары катары З.В.Абаева, А.Абдулатов, Д.Т.Айылчиева, У.Асаналиев, Н.С.Ашукин, М.Г.Ашукина, А.А.Гердт, К.П.Гуля, В.И.Даль, И.М.Деева, А.А.Жусупова, С.Закиров, М.Ибрагимов, Я.И.Колонтаров, Х.Карасаев, А.А.Крикман, М.К.Кууси, А.Н.Лисс, В.М.Мокиенко, Г.Л.Пермяков, З.К.Тарланов, В.Фойт, З.Б.Цаллагова, С.Г.Шулежкова, С.К.Эшманова ж.б. паремиологдордун эмгектери пайдаланылды.

7. Иште семасиологиялык-когнитологиялык аспект үстөмдүк кылат. Мында “константа”, “инвариант”, “вариант”, “пропозиция”, “когнитема” түшүнүктөрүнө аныктама берилди, булардын когнитивдик-тилдик изилдөөлөрдөгү кызматы аныкталды. Константтык маанилердин бир тилдик, эл аралык, тил аралык, пареллелдүү инвариантарга жана пропозицияларга ажырашы көрсөтүлдү.

Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:

1. **Тургунбаева С.Ж.** Тексттеги антонимдик параллелдер [Текст] / С.Ж.Тургунбаева // ОшМУнун жарчысы.–2015. -№ 4. –277-279-б. Сайт: www.oshsu. kg

2. **Тургунбаева С.Ж**. Пропозициально-когнитемное строение пословичного предложения [Текст] / С.Ж.Тургунбаева, Т.У.Каримова // Современные тенденции развития науки и технологий. – 2017. - № 3-5. –110-113-б. Сайт: www. issledo. ru

3. **Тургунбаева С.Ж.** Об основных подходах к изучению синтаксиса [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева // Современные тенденции развития науки и технологий. –2017. - № 3-5. –138 -143-б. Сайт: www. issledo. ru

4. **Тургунбаева С.Ж**. Макал-лакап сүйлөмдүн когнитивдик маанилик түзүлүшү [Текст] / Ж.Э.Элчиев, С.Ж.Тургунбаева // Языки в диалоге культур. – Бишкек. –2017. –148-150-б.

5. **Тургунбаева С.Ж.** Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө [Текст] / К.З.Зулпукаров, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана.–2018. -№ 3. –150-152-б. Сайт: www.science-journal.kg

6. Тургунбаева С.Ж. Паремиялардагы параллелдүүлүк жана анын фрейм жана сценарий түзүүдөгү ролу [Текст] / С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Известия вузов Кыргызстана. –2018. -№ 3. –185-187-б. Сайт: www.science-journal.kg

7. Тургунбаева С.Ж. Синтаксистик параллелдүүлүктү жаратуучу кээ бир каражаттар [Текст] / Г.Ж.Абдимиталипова, С.Ж.Тургунбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –2018. -№ 5. –201-205-б. Сайт: www.science-journal.kg

8. Тургунбаева С.Ж. Паремиялык пропозициянын дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү орду [Текст] / С.М.Амиралиев, С.Ж.Тургунбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. –2018. -№ 5. –210-212-б. Сайт: www.science-journal.kg

Тургунбаева Сеил Жеңишбековнанын 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Тексттеги синтаксистик параллелизм” аттуу диссертациялык изилдөөсүнө

РЕЗЮМЕ

Негизги сөздөр: *параллелизм, текст, концепт, константа, инвариант, вариант, пропозиция, когнитема, лингвопаремиология, когнитивдик синтаксис, парадигма, актант, изоморфизм, провербиалдык каражаттар.*

Изилдөөнүн **объектиси** – когнитивдик-синтаксистик параллелизм кубулушу, **предмети** мындай параллелдүүлүктүн бир тилдик, тил аралык моделдери, типтери жана менталдык-логикалык мазмуну болуп саналат.

Изилдөөнүн **максаты** катары тил аралык синтаксистик параллелизмдин менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин лингвокогнитологиянын негизинде аныктоо тандалып алынды.

Изилдөө **методдору** катары иштин жүрүшүндө эмпирикалык жана теориялык ыкмалар, процедуралар колдонулду.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары:

1) тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашып, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болорлугу көрсөтүлдү;

2) логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, кептеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болорлугу далилденди;

3) менталдык окшоштук бир тилдик, тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык түзүлүштөрдү пайда кыларлыгы тастыкталды;

4) параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары аныкталды;

5) когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк поэтикалык тексттерге мүнөздүү көрүнүш экендиги белгиленди;

6) паремиялардагы когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктөрдүн улут аралык паремиялык пикир-пропозицияларда берилиши ачыкталды.

Колдонуу чөйрөсү: изилдөөдө келтирилген табылгалар, жоболор жана факты-материалдар тилдин синтаксис жана стилистика бөлүмдөрүнө орчунду теориялык “үзүндү” болуп кире алат. Иштеги материалдарды кыргыз тилинин стилистикасы, лингвопоэтика, синтаксис, тексттин теориясы, текстке тилдик талдоо, кеп маданияты сыяктуу дисциплиналарда кеңири пайдаланса болот. Ошондой эле кыргыз тилинин практикалык курсун өздөштүрүүдө, илим изилдөө иштерин аткарууда жана сөздүктөрдү түзүүдө да колдонулат.

РЕЗЮМЕ
диссертационного исследования Тургунбаевой Сеил Жеңишбековны “Синтаксический параллелизм в тексте”, представленное на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.19 – теория языка

Ключевые слова: *параллелизм, текст, концепт, константа, инвариант, вариант, пропозиция, когнитема, лингвопаремиология, когнитивный синтаксис, парадигма, актант, изоморфизм, провербиальные средства*.

Объект исследования – явление когнитивно-синтаксического параллелизма, **предметом исследования** является одноязыковые, межъязыковые модели, типы и ментально-логическое содержание данного параллелизма.

Цель исследования – установление на основе лингвокогнитологии отдельных ментально-логических видов и свойств межъязыкового синтаксического параллелизма.

В качестве **методов исследования** использованы эмпирические и теоретические методы, процедуры.

Основные результаты исследования:

1. Показано, что истоки параллелизма в языке и тексте размещаются в ментальном мире как константно-архетипическое значение, что ассоциативные адекватность и сходство в мышлении, отображаясь в тексте и речи, приобретают своеобразный материальный вид.

2. Доказано, что параллелизмы в логике, мышлении и памяти человека составляют основы языкового параллелизма.

3. Подтверждено, что ментальное сходство создает провербиальные параллелизмы в монолингвальных, межъязковых, и международных семантически идентичных конструкциях.

4. Установлены основные языковые функции параллелизма в тексте - уточняющая, дополняющая, выделяющая, обособляющая, эстетическая, экспрессивно-выразительная и другие.

5. Доказано, что когнитивно-синтаксический параллелизм является характерной чертой поэтического текста;

6. Выявлено, что когнитивно-логический параллелизм оформляется в межнациональных паремийных суждениях-пропозициях.

Сфера применения: приведенные в исследовании находки, положения и факты-материалы могут войти в качестве значительного “отрывка” разделов теоретического синтаксиса и стилистики. Материалы исследования могут быть широко использованы при преподавании дисциплин “Стилистика кыргызского языка”, “Лингвопоэтика”, “Синтаксис”, “Теория текста”, “Лингвистический анализ текста”, “Культура речи” и др., а также могут применяться в усвоении практическаого курса кыргызского языка, в выполнении научно-исследовательских работ.

RESUME

of the thesis "Syntactic parallelism in the text" of Turgunbaeva Seil Zhenishbekovna, submitted for the degree of candidate of philological sciences in the specialty 10.02.19 – Theory of language

Key words: *parallelism, text, concept, constant, invariant, variant, proposition, cognitive, linguopremiology, cognitive syntax, paradigm, actant, isomorphism, proverbial means.*

The object of the research is the phenomenon of cognitive-syntactic parallelism, **the subject of the research** is single-language and interlanguage models, types and cognitive-logic content of this parallelism.

The purpose of the research is to establish the individual cognitive-logic types and characteristics of interlanguage syntactic parallelism based on linguocognitology.

Empirical and theoretical approaches and procedures are used as **research methods**.

Key findings of the research:

1. The sources of parallelism in language and text are placed in the cognitive world as a constant-archetypical meaning, associative adequacy and similarity in thinking reflected in text and speech, and acquire a peculiar material form.

2. It is evidenced that parallelisms in human logic, thinking and memory form the basis of linguistic parallelism.

3. It has been confirmed that mental similarity creates proverbial parallelisms in monolingual, interlanguage and international semantically identical constructions.

4. The established basic linguistic functions of parallelism in the text are clarifying, supplementing, prioritizing, separating, aesthetic, expressive and others.

5. It has been evidenced that the cognitive-syntactic parallelism is the characteristic of poetic texts.

6. It has been revealed that cognitive-logical parallelism is represented in interethnic judgments-propositions.

Scope of application: given in the research findings and facts can be included as a significant theoretical "fragment" of syntax and stylistics chapters. Research materials can be widely used in teaching "Kyrgyz language stylistics", "Linguistic poetics", "Syntax", "Text theory", "Linguistic analysis of the text", "Speech culture", etc. And they can also be used in mastering the practical course of the Kyrgyz language and research works.